**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

---

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

______________________№_______ Бишкек ш.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 8-июлундагы № 371 "Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын макетин бекитүү жөнүндө" токтомун ишке ашыруу тууралуу**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 8-июлундагы № 371 "Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын макетин бекитүү жөнүндө" токтомунун 4-пунктун ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын 9-беренесинин 4 жана 7-бөлүктөрүнө ылайык **буйрук кылам:**

1. Менчигинин түрүнө жана ведомстволук баш ийүүсүнө карабастан Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын жетекчилери Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 8-июлундагы № 371 "Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын макетин бекитүү жөнүндө" токтомун жетекчиликке жана аткарууга кабыл алышсын.

2. Төмөнкүлөр бекитилсин:

- бакалаврларды даярдоо багыттары жана адистиктер боюнча жогорку кесиптик билим берүү программалары үчүн жалпы гуманитардык циклдин милдеттүү дисциплиналарынын тизмеси жана сыйымдуулугу 1-тиркемеге ылайык;

- кесиптик орто билим берүү программалары үчүн жалпы гуманитардык циклдин милдеттүү дисциплиналарынын тизмеси жана сыйымдуулугу 2-тиркемеге ылайык.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 8-июлундагы № 371 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын макетинин жана ушул буйруктун 2-пунктунун талаптары төмөнкүлөрдү иштеп чыгууда милдеттүү эмес экендиги белгиленсин:

- өзгөчө статуска ээ болгон жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдары тарабынан бекитилүүчү билим берүү стандарттарын;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- кесиптик билим берүү программалары боюнча эксперименталдык билим берүү стандарттарын.

4. Жогорку кесиптик билим берүүнүн окуу-методикалык бирикмелеринин жана орто кесиптик билим берүүнүн окуу-методикалык кеңештеринин төрагалары бакалаврларды, магистрлерди даярдоо багыттары боюнча жана адистиктер боюнча мамлекеттик жана расмий тилдерде мамлекеттик билим берүү стандарттарынын долбоорлорун иштеп чыгышсын жана аларды 2024-жылдын 20-декабрына чейин Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине бекитүүгө беришсин.

5. Менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыгына карабастан жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарынын жетекчилери:

- мамлекеттик билим берүү стандарттары бекитилгенге чейин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 8-июлундагы № 371 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын макетине ылайык 2024-2025-окуу жылынан тартып билим берүү программаларын ишке ашырууга өтүү максатында даярдоо багыттары жана адистиктер боюнча билим берүү программаларын өз алдынча иштеп чыгышсын жана бекитишсин;

- тийиштүү профилдеги башталгыч кесиптик билими же мурунку билиминин натыйжаларын таанууну эске алуу менен орто кесиптик билими бар адамдарга тездетилген программалар боюнча орто кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүгө укук беришсин;

- тийиштүү профилдеги орто кесиптик билими же мурунку билиминин натыйжаларын таанууну эске алуу менен жогорку кесиптик билими бар адамдарга тездетилген программалар боюнча жогорку кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүгө укук беришсин.

6. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык илимий-методикалык борбор (А.Д. Карабаев):

- башталгыч кесиптик билим берүүнүн кесиптери боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттарын (мындан ары - БКБ МБС) иштеп чыгууда аталган токтомду жетекчиликке алсын;

- БКБ МБСтин долбоорлорун мамлекеттик жана расмий тилдерде иштеп чыксын жана аларды 2024-жылдын 20-декабрына чейин Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине бекитүүгө берсин;

- башталгыч кесиптик билим берүү уюмдарына билим берүү программаларын иштеп чыгуу, БКБ МБСтин талаптарына ылайык окуу процессин уюштуруу боюнча методикалык колдоо көрсөтсүн.

7. Башталгыч кесиптик билим берүү уюмдары даярдоо багытын эске алуу менен БКБ МБСке ылайык билим берүү программаларын иштеп чыгышсын.

8. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Билим берүү жана илим министринин орун басары Абазбек уулу Расулга жүктөлсүн.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

**О реализации постановления Кабинета Министров Кыргызской Республики «Об утверждении Макета государственного образовательного стандарта начального, среднего и высшего профессионального образования Кыргызской Республики» от 8 июля 2024 года № 371**

В целях реализации пункта 4 постановления Кабинета Министров Кыргызской Республики «Об утверждении Макета государственного образовательного стандарта начального, среднего и высшего профессионального образования Кыргызской Республики» от 8 июля 2024 года № 371, в соответствии с частями 4 и 7 статьи 9 Закона Кыргызской Республики «Об образовании» **приказываю**:

1. Руководителем образовательных организаций начального, среднего и высшего профессионального образования Кыргызской Республики, независимо от форм собственности и ведомственной подчиненности, принять к руководству и исполнению постановление Кабинета Министров Кыргызской Республики «Об утверждении Макета государственного образовательного стандарта начального, среднего и высшего профессионального образования Кыргызской Республики» от 8 июля 2024 года № 371.
2. Утвердить:

- перечень и трудоемкость обязательных дисциплин общегуманитарного цикла для образовательных программ высшего профессионального образования по направлениям подготовки бакалавров и по специальностям согласно приложению 1;

- перечень и трудоемкость обязательных дисциплин общегуманитарного цикла для образовательных программ среднего профессионального образования согласно приложению 2.

3. Установить, что требования Макета государственного образовательного стандарта начального, среднего и высшего профессионального образования Кыргызской Республики, утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 8 июля 2024 года № 371, и пункт 2 настоящего приказа не обязательны при разработке:

- образовательных стандартов, утверждаемых государственными образовательными организациями высшего профессионального образования, обладающими особым статусом;

- экспериментальных образовательных стандартов по программам профессионального образования.

4. Председателям учебно-методических объединений высшего профессионального образования и учебно-методических советов среднего профессионального образования разработать проекты государственных образовательных стандартов по направлениям подготовки бакалавров, магистров и по специальностям на государственном и официальном языках и

представить их на утверждение в Министерство образования и науки Кыргызской Республики до 20 декабря 2024 года.

5. Руководителям образовательных организаций высшего и среднего профессионального образования, независимо от их форм собственности и ведомственной принадлежности:

- до утверждения государственных образовательных стандартов самостоятельно разработать и утвердить образовательные программы по направлениям подготовки и специальностям в целях перехода с 2024-2025 учебного года к реализации образовательных программ в соответствии с Макетом государственного образовательного стандарта начального, среднего и высшего профессионального образования Кыргызской Республики, утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 8 июля 2024 года № 371;

- предоставить право на освоение образовательной программы среднего профессионального образования по ускоренным программам лицам, имеющим начальное профессиональное образование соответствующего профиля или среднеее профессиональное образование с учетом признания результатов предшествующего образования;

- предоставить право на освоение образовательной программы высшего профессионального образования по ускоренным программам лицам, имеющим среднее профессиональное образование соответствующего профиля или высшее профессиональное образование с учетом признания результатов предшествующего образования.

6. Республиканскому научно-методическому центру при Министерстве образования и науки Кыргызской Республики (А.Д.Карабаеву):

- при разработке государственных образовательных стандартов по профессиям начального профессионального образования (далее ГОС НПО) руководствоваться указанным постановлением;

- разработать проекты ГОС НПО на государственном и официальном языках и представить их на утверждение в Министерство образования и науки Кыргызской Республики до 20 декабря 2024 года;

- оказать методическое сопровождение образовательным организациям начального профессионального образования по разработке образовательных программ, организации учебного процесса в соответствии с требованиями ГОС НПО.

7. Образовательным организациям начального профессионального образования разработать образовательные программы в соответствии с ГОС НПО с учетом профиля подготовки.

8. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра образования и науки Абазбек уулу Расула.

**Министр** **Д.Ш.Кендирбаева**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

1-тиркеме

**Бакалаврларды даярдоо багыттары жана адистиктер боюнча жогорку кесиптик билим берүү программалары үчүн жалпы гуманитардык циклдин милдеттүү дисциплиналарынын тизмеси жана сыйымдуулугу**

| № | Дисциплиналардын аталышы | Дисциплиналардын сыйымдуулугу | |
|---|---|---|---|
| | | кредиттер менен | саат менен |
| | | | |
| 1. | Кыргыз тили жана абадияты | 8 | 240 |
| 2. | Орус тили | 4 | 120 |
| 3. | Чет тили | 4 | 120 |
| 4. | Кыргызстан тарыхы | 4 | 120 |
| 5. | Манас таануу | 2 | 60 |
| 6. | Кыргызстан географиясы | 2 | 60 |
| 7. | Философия | 4 | 120 |
| | **Бардыгы:** | **28** | **840** |

Эскертүү:

- “Кыргыз тили жана адабияты”, “Кыргызстан тарыхы” жана “Кыргызстан географиясы” дисциплиналарын окуунун жыйынтыгы боюнча дисциплиналар аралык мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Приложение 1

Приказ МОНКР
№ _____________
«___» ____2024г.

**Перечень и трудоемкость**
**обязательных дисциплин общегуманитарного цикла**
**для образовательных программ высшего профессионального образования по направлениям подготовки бакалавров и по специальностям**

| № | Наименование дисциплин | Трудоемкость дисциплин | |
|---|---|---|---|
| | | в кредитах | в часах |
| 1. | Кыргызский язык и литература | 8 | 240 |
| 2. | Русский язык | 4 | 120 |
| 3. | Иностранный язык | 4 | 120 |
| 4. | История Кыргызстана | 4 | 120 |
| 5. | Манасоведение | 2 | 60 |
| 6. | География Кыргызстана | 2 | 60 |
| 7. | Философия | 4 | 120 |
| | **Итого:** | **28** | **840** |

Примечание:

- по итогам изучения дисциплин «Кыргызский язык и литература», «История Кыргызстана» и «География Кыргызстана» междисциплинарная итоговая государственная аттестация.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

2-тиркеме

КР ББИМ буйругу
№ _____________
2024-ж. «___» _____

**Кесиптик орто билим берүү программалары үчүн жалпы гуманитардык циклдин милдеттүү дисциплиналарынын тизмеси жана сыйымдуулугу**

| № | Дисциплиналардын аталышы | Дисциплиналардын сыйымдуулугу | |
|---|---|---|---|
| | | кредиттер менен | саат менен |
| 1. | Кыргыз тили жана абадияты | 3 | 90 |
| 2. | Орус тили | 2 | 60 |
| 3. | Чет тили | 2 | 60 |
| 4. | Кыргызстан тарыхы | 4 | 120 |
| 5. | Манас таануу | 2 | 60 |
| 6. | Кыргызстан географиясы | 2 | 60 |
| | **Бардыгы:** | **15** | **450** |

Эскертүү:

- “Кыргыз тили жана адабияты”, “Кыргызстан тарыхы” жана “Кыргызстан географиясы” дисциплиналарын окуунун жыйынтыгы боюнча дисциплиналар аралык мамлекеттик экзамен.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Приложение 2

Приказ МОНКР
№ _____________
«___» ____2024г

**Перечень и трудоемкость**
**обязательных дисциплин общегуманитарного цикла**
**для образовательных программ среднего профессионального образования**

| № | Наименование дисциплин | Трудоемкость дисциплин | |
|---|---|---|---|
| | | в кредитах | в часах |
| 1. | Кыргызский язык и литература | 3 | 90 |
| 2. | Русский язык | 2 | 60 |
| 3. | Иностранный язык | 2 | 60 |
| 4. | История Кыргызстана | 4 | 120 |
| 5. | Манасоведение | 2 | 60 |
| 6. | География Кыргызстана | 2 | 60 |
| | **Итого:** | **15** | **450** |

Примечание:

- по итогам изучения дисциплин «Кыргызский язык и литература», «История Кыргызстана» и «География Кыргызстана» междисциплинарный государственный экзамен.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



Кол койгон: Кендирбаева Д.Ш., 04.09.2024